**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын

## ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-1** **Кайрагач-Арык айылы**

### Мамлекеттик салык кызматынын Араван району боюнча башкармалыгынын 2025-жылдын 21-январындагы №23/25/01- 4/51сандуу катын кароо жөнүндө

Айыл өкмөтүнүн кирешелер боюча жетектөөчү адиси Д.Мастанбаева Мамлекеттик салык кызматынын Араван району боюнча башкармалыгынын 2025-жылдын 21-январындагы №23/25/01- 4/51сандуу катынын негизинде 2025-2027-жылдардын салык мезгилинде турак жай имараттары жана жайлары үчүн салык ченемин бекитип берүү боюнча маалыматын угуп,сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин,суроо талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 379,380 беренелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндөгү Мыйзамын жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын тургундарынын турак жай имараттары жана жайлары үчүн 1-топтогу мүлк салыгы 300 чарчы метрден ашкан (жеке менчик бир үйүнүн имараты 300 чарчы метрине ашканына) ар бир чарчы метрине 15 сомдон болуп салык ченеми бекитилсин.
2. Айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча адистерине турак жай имараттары жана жайлары 1-топтогу мүлк салыгы 300 чарчы метрден ашкан мүлк ээлерине ар бир чарчы метрине салык ченеми 15 сом дон болуп жана ташданыларды ташып чыгуу салыгы ар бир кожолукка 100 сом өлчөмүндө деп бекитилгени боюнча айыл тургундарына жеткирүү жана жыйналуучу салыктарды жыл ичинде өндүрүү жагы жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго жүктөлсүн.

**Төрага:** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКИЙ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-2** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Жаңы-Жол жана Какыр-Пилтан айыл тургундарынын жазган арызынын негизинде спирт ичимдиктерин (арак,вино,пиво,коняк жана башкалар) сатуунун убактысын белгилөө жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагындагы айыл тургундарынын сунушун угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз **5-сессиясы токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында спирт ичимдиктерин (арак,вино,пиво,коняк жана башкалар) убактысын 2025-жылдын 25-февралынан баштап саат 18:00дон мыйзамсыз сатууга тыюу салынсын.
2. Спирт ичимдигине саат 18:00дон кийин сатууга тыюу салынгандан кийин спирт ичимдиктерди жашыруун мыйзамсыз саткандарга мыйзам чегинде айып пул салынсын.
3. Кабыл алынган токтомдун көзөмөлгө алып,аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагындагы тескөөчүлөрү жана айылдык кеңештин мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКИЙ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**25.02. 2025 № 5-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында бильярд ойноочу жерлер жана чайканалардын убактысын белгилөө жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл аймагында айыл тургундарынын сунушун угуп жана айылдык кеңештин депутаттарынын ой пикирлерин талкуулап,Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы
**токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагында бильярд ойноочу жерлер иш убактысын 2025-жылдын 25-февралынан баштап саат 18:00дон тарта токтотууну,чайканалардын иш убактысын саат 24:00дон кийин иштөөгө тыюу салынсын.

2. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы бильярд ойноочу жана чайканалардын иштөө убактысын белгиленгенден кийин жашыруун мыйзамсыз иштегендерге мыйзам чегинде айып пул салынсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Дөбө-Коргон айыл аймагындагы айыл тескөөчүлөрү жана айылдык кеңештин мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**25.02. 2025 № 5-4** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагында “Дөбө-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата тарифин бекитүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагындагы “Дөбө-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата тарифин бекитүү жөнүндө маалыматын угуп,талкуулап Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагындагы “Дөбө-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата тарифин бекитүүгө макулдук берилсин.(тариф тиркелет)
2. Дөбө-Коргон айыл аймагында “Дөбө-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасын 6 айлык кылган иштери бонча айылдык кеңештин депутаттарына маалымат берип туруу сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-5** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кайрагач-Арык айыл тургунунун Кабулов Гайратжан Мамирович жазган арызын карап чыгуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кайрагач-Арык айыл тургунун Кабулов Гайратжан Мамировичтин 2025-жылдын 25-февралындагы,өзүнүн жеке менчик болгон турак жай багытындагы 17 чарчы метр жер тилкесин багытын коммерциялык пикарный цех багытына өзгөртүү боюнча жазган арызы менен таанышып чыгып, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кайрагач-Арык айыл тургунун Кабулов Гайратжан Мамировичтин 2025-жылдын 25-февралындагы,өзүнүн жеке менчик болгон турак жай багытындагы 17 чарчы метр жер тилкесин багытын коммерциялык пикарный цех багытына өзгөртүү жана тийиштүү документтерин даярдоо жагы Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография кызматынын Араван филиалына сунушталсын.
2. Кабулов Гайратжан Мамирович айыл өкмөтүнө өзүнүн жеке менчик болгон турак жай багытындагы жер тилкесин тийиштүү болгон документтерин алып келсин жана көрсөтүлгөн багытта туура пайдалансын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн жер адисине жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН** |
| **ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**25.02. 2025 № 5-6** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Какыр-Пилтан айыл тургундарынын ижарага берилген жерлерин ижара акысын арзандатып, берүүнү сурап жазган арызын карап чыгуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Какыр-Пилтан айыл тургундарынын ижарага берилген жерлердин ижара акысын арзандатып,берүүнү сурап жазган арызын карап чыгып,таанышып депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Какыр-Пилтан айыл тургундарын ижарага берилген жерлердин ижара акысын түзүлгөн келишимдин мөөнөтү бүткөндөн кийин,кайра ижарага берүү 16200сомго түшүрүлсүн.
2. Какыр-Пилтан айыл тургундарынын ижарага берилген жерлердин ижара акысын түзүлгөн келишимдин мөөнөтү бүткөндөн кийин кайра ижарага берүү сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси жана айылдык кеңешинин жер маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз**
**5-сессиясынын**

ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарба багытындагы жерлерге тариф бааларын белгилеп берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл чарба багытындагы жерлерге тариф бааларын белгилеп берүү сунушун карап чыгып,угуп,таанышып депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл чарба багытындагы жерлерге 1га жер аянтына төмөндөгүдөй ставка бекитилсин:

| № | Аталышы | Базалык ставкасы |
|---|---|---|
| 1 | Сугат айдоо | 1080 |
| 2 | Кайрак айдоо | 41,30 |
| 3 | Көп жылдык бак-дарактар | 225 |
| 4 | Жайыт жерлер | 250 |

2. КБМФнун 1га жер аянтына төмөндөгүдөй ставка бекитилсин:

| № | Аталышы | Базалык ставкасы |
|---|---|---|
| 1 | Сугат айдоо | 1080 |
| 2 | Кайрак айдоо | 41,30 |

3. Бул бекитилген ставкалар 2025-жылдын 25-февралынан баштап эсептелсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси жана айылдык кеңешинин жер маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-8** **Кайрагач-Арык айылы**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 28-февралындагы №01-26/62 сандуу катына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдагы 22-февралындагы “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө “№53 мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №296 Жарлыгы боюнча жобосун бекитүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө жобону угуп, таанышып, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө жобо бекитилсин.(жобо тиркелет)
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын,маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө үчүн жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн айыл башчылар жана айылдык кеңешинин социалдык маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-9** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл айымагынын айыл өкмөт башчысы Абдулхакимов Ибрагимжан Тойчубаевичдин сунушу, калктуу конуштун ичиндеги муниципалдык жерлерди коммерциялык багытында иштетип жаткан, кызыл сызыкка чыккан жерине акы төлөөнү бекитип берүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында калктуу конуштун ичиндеги муниципалдык жерлерди коммерциялык багытында иштетип жаткан, кызыл сызыкка чыккан жерине акы төлөөнү бекитип берүүнү угуп, таанышып депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында,Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 23-сентябры №571 токтомдун негизинде “ Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобо” боюнча иш жүргүзүлсүн
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун” негизинде мыйзам чегинде иш алып баруусу, айыл өкмөттүн жер маселелери боюнча адисине сунушталсын.
3. Кабыл алынган токтомду көзөмөлгө алып,аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-10** **Кайрагач-Арык айылы**

**Араван РИИБдин башчысы милициянын полковниги Кубатбеков Уланбек Жыргалбаевичдин сунушу, ар түрдүү көйгөйлөрдүн алдын алуу максатында жолдорго 6 жерге онлайн видео камера орнотуп берүүнү суранганы жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында Араван РИИБдин башчысы милициянын полковниги Кубатбеков Уланбек Жыргалбаевичдин сунушу, ар түрдүү көйгөйлөрдүн алдын алуу максатында жолдорго 6 жерге онлайн видео камера орнотуп берүүнү суранганы боюнча угуп, таанышып депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында Элдин коопсуздугун алдын алуу максатында 6 жерге онлайн видео камера орнотууга макулдук берилсин.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында 6 жерге онлайн видео камера орнотууга бюджеттен акча каражаттары бөлүнсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго айылдык кеңешинин социалдык маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКИЙ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**25.02. 2025 № 5-11** **Кайрагач-Арык айылы**

**Араван районунун мамлекетик админстрациясынын башчысы Кулубаев Сейтек Дөлөтбековичдин сунушун, карап чыгуу жөнүндө.**

Араван районунун мамлекетик админстрациясынын башчысы Кулубаев Сейтек Дөлөтбековичдин сунушун угуп, таанышып депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-жылы Араван районунун 90 жылдык маарекеси юбилейи болот, маданий иш чараларды өткөрүү үчүн каражат бөлүнсүн.
2. 2025-жылы Араван районунун аймагында аскердик машыгуу өтөт, ага акча каражаты бөлүнсүн.
3. Өзгөчө абалды алдын алуу, болгон учурларда иш алып баруу үчүн акча каражат бөлүнсүн.
4. 2025-жылы айыл чарба каттоосу өтөт ага акча каражат (транспорттук чыгымдар, окуу семинарын уюштуруу, кошумча каттоочуларды жумушка тартуу, окуу семинарга тамак ашын уюштуруу ж.б маселелер)бөлүнсүн.
5. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында социалдык объекттерди күз-кыш мезгилине даярдоо,отказандарды ремонттоо иштерине акча каражат бөлүнсүн.
6. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө бекер көмүр берүү боюнча акча каражат бөлүнсүн.
7. Жогорудагы долбоорду ишке ашырууга зарыл болгон финансылык каражаттарын таап, мыйзам чегинде аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына милдеттендирилсин.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго айылдык кеңешинин социалдык маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев